| | |
|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ОШ ОБЛУСУ<br>КАРА-КУЛЖА РАЙОНУ<br>ЫЛАЙ-ТАЛАА<br>АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН<br>АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ** | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>КАРА-КУЛЖИНСКИЙ РАЙОН<br>АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ<br>ЫЛАЙ-ТАЛИНСКОГО<br>АЙЫЛНОГО АЙМАКА** |

Ылай-Талаа айыл аймагынын айылдык Кеңешинин (VII чакырылыштагы) кезексиз I сессиясынын жыйынынын

**Т О К Т О М У**

2024-жылдын 22 - апрели, № 1/2 Ылай-Талаа айылы.

**Ылай-Талаа айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн 2024-жылга бекитилген бюджетине өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын "Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндөгү" Мыйзамынын 3-главасынын 34-беренесинин 2 –пунктуна жана Ылай-Талаа айыл аймагынын айылдык Кеңешинин Регламентинин 1-бөлүгүнүн 2-главасынын 2-пунктуна, Ылай-Талаа айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн башчысы Б.Эргешбаевдин түзүлгөн табигый өзгөчө кырдаалга байланыштуу билдирүүсүнө ылайык Ылай-Талаа айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн 2024-жылга каралган бюджетине өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү жөнүндөгү" Ылай-Талаа айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн ФЭБнүн башчысы А.Козуевдин маалыматын, Ылай-Талаа айыл аймагынын айылдык Кеңешинин бюджет боюнча туруктуу комиссиясынын жыйналышынын берген сунушун угуп жана талкуулап Ылай-Талаа айыл аймагынын айылдык Кеңеши **токтом кылат:**

1. Ылай-Талаа айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн 2024-жылы бекитилген бюджетине зарылчылык келип чыккандыгына байланыштуу өзгөртүүлөр жана толуктоолор киргизилсин.

2. Өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду Ылай-Талаа айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн бюджеттик планына киргизип берүү жагы КРФМ Кара-Кулжа каржы башкармалыгынан суралсын.

3. Бюджетке өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүүдө тиешелүү документтерди даярдап райондук каржы башкармалыгына тапшыруу жагы Ылай-Талаа айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн ФЭБ башчысы А.Козуевге милдеттендирилсин.

4. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Ылай-Талаа айыл аймагынын айылдык Кеңешинин социалдык-экономикалык өнүгүүнүн болжолдуу багыттарын аныктоо, жаштардын иштери, спорт, миграция, туризм, инвестиция жана бюджет боюнча туруктуу комиссиясына (төрагасы Н.Айтбаев) тапшырылсын

Тиркеме 1 барак, 1 нускада

**Төрага** **А.Кадыркулов**

Ылай-Талаа айыл аймагынын айылдык Кеңешинин 22.04.2024-жылдагы № 1/2 токтомуна тиркеме

**2024-жылдын бюджетине төмөндөгү өзгөртүүлөрдү киргизүү**

| № | тармак | глава | берене | өзгөртүүлөр | | анын ичинен | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | көбөй түлөт | азай тылат | I кв | II кв | III кв | IV кв |
| 1 | Аппарат | 701 | 2211 | - | 200000,0 | - | 200000,0 | - | - |
| 2 | Аппарат | 701 | 2222 | - | 137000,0 | - | 137000,0 | - | - |
| 3 | ЖКХ | 706 | 2215 | - | 200000,0 | - | 200000,0 | - | - |
| 4 | Жарандык коргонуу | 7022 | 2215 | 537000,0 | - | - | 537000,0 | - | - |
| | | | | | | | | | |
| | | | | | | | | | |
| | **Бардыгы:** | | | **537000,0** | **537000,0** | | | | |

**Катчы** **С.Осмоналиев**